«БЕКИТЕМИН»
Ош мамлекеттик университетинин ректору, физика-математика илимдеринин доктору, профессор
_______________К.Г.Кожобеков
«____» _____________ 2024-ж.

**Ош мамлекеттик университетинин тарых жана социалдык иштер факультетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын 23-апрелде өткөрүлгөн (№7) жыйынынын протоколунун КӨЧҮРМӨСҮ**

**Катышкандар:** Арстанов С. А. – отурумдун төрагасы, декан, т.и.к. (07.00.02), доцент, Шаанов Т. М. – кафедра башчы,– т.и.к. (07.00.02), доцент; Нурумбетов Б.А. – т.и.д. (07.00.02;), профессор; Абытов Б. К. – т.и.д. (07.00.02;), профессор; Кадыров Т. Д. – т.и.д. (07.00.02), профессор; Апышова А. К. – т.и.к. (07.00.02), Адилбаев Ж. – т.и.к. (07.00.02), доцент; Осмонова С. К. – т.и.к. (07.00.07), доцент; Маразыков Н. К. – т.и.к. (07.00.07), доцент; Чыныкеева Г.С. – т.и.к., (07.00.02); Дүйшонбаева А. – т.и.к., (07.00.02); доцент; Жумашова Г.С. – т.и.к., (07.00.02) доцент; Алишер кызы С.– т.и.к., (07.00.07); доцент; Жолдошев Т. Ш. – улук окутуучу; Алтымышова В. К. – улук окутуучу; Тилекова У. К. – улук окутуучу; Атаканова Г. А. – окутуучу; Апышова Ч. К.- окутуучу; Салиева Э. А. – окутуучу; Жапарова А.К. – окутуучу; Эрмекбай уулу У. – окутуучу; Орунбай уулу К.- окутуучу; Эсенали кызы А. – катчы.

**Күн тартибинде:**

Пасанова Клара Балтабаевна **Салттуу кыргыз коомунун трансформация-ланышы (XIXк. экинчи жарымы - XXк. башы)** деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

**Отурумдун төрагасы, Арстанов С.А.:** Саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер? Пасанова Клара Балтабаевна **Салттуу кыргыз коомунун трансформацияланышы (XIXк. экинчи жарымы - XXк. башы)** деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы биздин кафедрага келип түштү, жетекчиси т.и.д., профессор Ж. Б. Алымбаев. Диссертациянын кол жазмасы менен баарыңыздар тааныштыныздар. Демек биздин кафедрадан таалкуудан өткөрүүгө толук мүмкүнчүлүк бар. Эми регламентти да бекитип алсак. Изилденүүчүгө 10 мүнөт, ал эми жарыш сөзгө 5 мүнөт берсек кандай дейсиздер? Каршы, калыс

жок. Рахмат. Анда бүгүн талкууга коюлуп жаткан теманын негизги мазмуну менен тааныштыруу үчүн сөздү диссертантка берсек.

**Диссертант Пасанова К.Б.:** Эгемендүүлүктүн доорунда базар экономикасынын, жеке менчик мамилелеринин өнүгүшү менен Кыргызстан коомунун социалдык түзүлүшү ири өзгөрүүлөргө дуушар болуп, коомдун катмарлашуу процесси жүрүп жаткандыгы табигый көрүнүш. Кыргызстандын стратификациялык түзүлүшүндөгү жаңы социалдык катмарлардын пайда болушу, алардын коомдогу ролу өз алдынча изилдөөнү талап кылган илимий маселелердин бири экендиги талашсыз. Ушул өңүттөн алып караганда XIX к. экинчи жарымы- XX к. башындагы салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүн, анын трансформациялануу маселесине анализ жүргүзүү, жаны тарыхый таризде изилдөө, учурдун тарыхый талабы экендиги кадиксиз көрүнүштөрдүн бири.

Аталган маселени изилдөөнүн илимий зарылдыгы төмөнкү бир катар илимий кырдаалдан улам жаралып жаткан көрүнүш катары кароого болот. Биринчиден, революцияга чейинки доордо салтуу кыргыз коомунун түзүлүшүн чагылдырган изилдөөлөргө, тарыхый булактарга жаны тарыхый таризде талдоо жүргүзүү талабынын жаралгандыгы.

Экинчиден советтик тарых илиминде коомдун социалдык түзүлүшүн аныктоодо марксистик-лениндик окууга таянуу менен таптык позициядан баа берилип, «эзүүчү» жана «эзилүүчү» тап түшүнүктөрү өкүм сүрүп, эзүүчү таптарды тап катары жоюу саясаты советтик бийлигинин башкы идеологиясына айлангандыгы. Совет мамлекетинин таптык саясаты трагедиялуу социалдык окуяларды жараткандыгы белгилүү.

Үчүнчүдөн, коомдун социалдык түзүлүшү тууралсындагы маселе коомдук-экономикалык формациялык түшүнүктөрдөн эмес стратификациялык метод ыкмасын колдонуу аркылуу коомдун социалдык түзүлүшүнө баа берүү учурдагы гуманитардык илимдердин жаңы талабы катары каралып жаткандыгында.

Төртүнчүдөн, колониалдык доордогу салттуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүндөгү трансформациялануу маселеси чарбалык өзгөрүүлөрдүн, акча-товар, соода мамилелеринин ж.б. тармактагы өзгөрүүлөрдүн жүрүшүнүн натыйжасын жаңы социалдык катмарлардын жаралышына шарт түзгөндүгүн изилдөө маселенин актуалдуулугун шарттаган факторлор болуп саналат. Диссертациялык иш 4 баптан 13 параграфтан корутунду жана колдонулган адабияттардан турат. Жалпы 136-бетти камтыйт. Баарыныздардан сунуш ой-пикирлерди күтөм.

**Ж.Адилбаев:** Киришүү 3-бет “Үчүнчүдөн, коомдун социалдык түзүлүшү тууралсындагы маселе коомдук-экономикалык формациялык түшүнүктөрдөн

эмес стратификациялык метод... социалдык-экономикалык формация социалдык тушунугу алмашкан.

-коомдук-экономикалык фармациялык эмеспи?

- стратификациялык ыкмасы бир эле түшүнүк го!

Менимче коомдук-экономикалык түшүнүктөр эмес, цивилизациялык методологияга айланып социалдык трансформацияланышын изилдөө туура болсо керек?.

Мына ошондой методологиялык негизге таянып изилдөө иштин актуалдуулугун түзөт деген эмгектин теориялык манызын артырып изилдөө методорун жеңилдетет болуш керек.

5-бет "Кыргызстандын постсоветтик доордогу тарыхнаамасында алгачкылардан болуп салтуу кыргыз коомунун трансформациялык процесстерине жаңыча илимий баа берүү аракети жасалды". Менимче дал ошол мен сунуштап жаткан цивилзациялык метология боюнча изилдөө жаңыча көз караштa болмок деп ойлойм.

5-бет 3-пункт: ... Манаптар Кыргызстандын Түндүк аймагында гана"... Түштүктөгүлөр кирген эмеспи? Чыныгы адис эмес катары мен билбейт турундогу экенмин.

7-пункт ... өнөр жай ишканаларынын – мануфактура түрүндөгү ишкана эмеспи?

6-бет Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык ... маңызын жана маанисин Марксистик коомдук-экономикалык формациялык концепциялык негиздоо откон чак, бүгүнкү күндө ал методологиялык негиз боло албаса керек деп ойлойм. Анын ордуна цивилизациялык методологияны негиз кылып алса дурус болмок деп ойлойм. Клара Балтабаевна бул сунуш субьективдуу көз караш, болгондо дагы теориялык азырынча талаштуу. Гуманитардык илим тармагында толук тамыр жая элек. Мен бул сунуштарды сенин өзүн үчүн гана ошол концепсиянын манызына конул бурса деген негизде көрсөтүп жатам. Анткени, сен каалаган учурда дагы аны колдонуп, , өзгөртүү киргизүү мүмкүн эмес. Корутунду 128-131-беттер эмес, 124-127-беттер экен. Ондоо киргизип кой. Клара, иштин жалпы фактологиялык денгээли, изилдоонун негизинде келтирилген далилдер, тыянактар талапка жооп берип, диссертацияны тактоого болот. Мен убакыттын чектелуусуно байланыштуу киришүү менен корутундуну гана окуп чыктым. Оппоненттер эле майдалап окушпаса комиссиянын мүчөлөрү андайга баары барбайт. Менин берген сунуштарын сен өзүн эсине алсаң деген гана мааниде. Ишти

бир тилчилерге караштырып койсон дурус болот. Анткени грамматикалык, стилистикалык каталар көп экен. Бул илимий диссертациялык иш!. Ийгилик каалайм, ишинди толук окуй албаганыма өкүнөм.

**Абытов Б.К.:** Трансформация деген сөздүн өзүнө аныктап алышын керек мисалы: экономикалык трансформация, социалдык, саясий трансформация ж.б. деген бар сен бир жерде коомдун саясий - турмуштун трансформациялоосу деп бир жерде кыргыз коомунун трансформацияланышы деп жазып алгансын же коомдун саясий турмушка көңүл бур же коомдук турмуштун бери жагын ал бул экөө эки башка тармак. Трансформация өзгөрүү, өзгөртүү , модернизациялоо дегенди түшүндүрөт. Кандайдыр бир деңгээлде жаңы даражага өсүү. Ак сөөктөр, бийлер, байлар XVII-XVIII к. болуп келген. Сен XIX к. II-жарымынан XX к. башында жаңы социалдык таптар катарында трансформациялап атасын. Эч кандай өзгөрүү жок. Булар болгон ошондуктан бул жерге тактоо киргизүүң керек эгерде социалдык катмарлар ошол убактарда мурда убактан болгон деп 64-бетте жазылган. Жаңылык катары батыраак, байкуш жатакчы депсиң. Кул депсиң кул акыркы жолу кайсы жылы бизден кетти? 44-47-жылы кеткен деген маалыматтар бар ошолорду тактап карап кой.Социалдык саясий салттуу уюмдардын трансформациясы болгон. Мисалы сенин ишинде кыргыз коомунда айылга, урууга, үй-бүлөгө бөлүнгөн ушулар кандай трансформацияланат?. Сенде мурда кандай болсо ошол боюнча эле тургандай турат. Ошон үчүн эгерде стеоротип тигил же бул жагынан өзгөрүү киргенин эске алуу менен биз ушуну киргизип атабыз деген өзүңдүн жеке салымын болуш керек. Биз биринчи болуп пост советтик мезгилде карап атабыз десең сага чейин да көп эле киши карап койгон. Трансформация боюнча академик Байбосунова, Эсенгулов, Абдырахманова, Карабаев деген славян окумуштуулары кыргыз коомунун трансформацияланышы боюнча жазышкан эмгектери бар. Коомдук социалдык турмуштун трансформацияланышы болгондо уруулук, уруктук түзүлүш өзгөрүш керек тема боюнча озгөрүш керек эле. Сенин ишинде өзгөрүү болбой калган. Анда сенин ишинди жазуу илимге киргизген жаңылыгың болбой калат. Отурукташуу боюнча ишиңде жазыпсын салттуу көчмөн чарбалыкта келген кыргыздар отурукташууга ыкташуу менен жаңы администрациянын киргизилишине уруулук, айылдык түзүлүштү жоюга багыт берген деген саптарың турат. Кандай түшүнсөк болот? Орус ипмериясы келди деп айтыпсын анын туура. Орус ипмериясынын келиши менен кыргыз коомчулугунда өзгөрүү болдубу?. Мисалы коомдук саясий турмушун кара админстрациялык бөлуктөр болуштук, уьезд, область бар беле? Ошол боюнча жазсаң ынанымдуу болот.Канча түтүндөн болуш, канча уьездден түтүн түзүп атат мурдагы уруу, урук түзүлүщкө караганда орустар келгендер

кийинки трансформация экөөнүн артыкчылыгын же кемчилдигин көрсөтүп койсоң диссертация дагы да көркүнө чыгат. Чарбалык турмуштагы өзгөрүүлөр 92-бетте Орустар келип трансформациянын натыйжасында кыргыздарда пахта, коон, тамеки, гүрүч, сабиз, пияз экен деп жазыпсын. Алар келгенге чейин эле эгилген.Байкуш деген сөз лекцикологиялык сөз.Турмуштагы лекцикон менен илимдеги лекциконду алмаштырбаш керек. Байкуш сөзү жашоодо колдонулат бирок социалдык - катмарды билдирбейт.Терминологиялык сөздөрдү оңдоп түзөшүн керек.

Жогоруда айтылган сунуштарды оңдоо менен ачык коргоого сунуштайм жана ийгиликтерди каалайм!.

**Кадыров Т.Д.: Байболот Капарович айткандай Диссертациялык ишке трансформация боюнча киргизсенер болмок.** Ак сөөктөргө бай-манаптар кирген. Ошол эле учурда ак сөөктөрдүн катмарын баатырлар да толуктай алганбы?. Баатырлар дегн топту илимге социалдык катмар катары киргизсек болобу?. 28-29-бетте дехан менен дыйкандын айырмасы бар ошону тактоо ирээтинде карап чык. Кара сөөк дебей эле илимий терминде плейберлер деп колдонсон болмок. Ачык коргоого сунуштаймын!

**Шаанов Т.М.:** Диссертациялык иштин көлөмү аз. Киришүүгө кошумчалоо керек. Грамматикалык, стилистикалык жактан кыргыз тилинен редакциялоо зарыл. Колдонулган адабисттарды алфавиттик тизмесин менен ирettөө керек. Ачык коргоого сунуштаймын!.

**Отурумдун төрагасы, Арстанов С.А.:** Чоң рахмат Байболот Капарович. Кийинки

**Жаркынбаев Т.Ж.**: Киришүүдө социалдык-стратификациянын мобилдүүлүк теорияны кенейтүү керек, ар бир бөлүмдү жыйынтыктаганда да ушул теориянын негизинде жыйынтыкталышы керек.

2. Лениндин чыгармасынын кереги жок жон эле Маркстык-Лениндин теориясы жонундо гана соз болушу керек.

3. “Баатырлар”, “Аткаминерлер”, “Жигиттер” ж.б. социалдык катмаларларды кошуу керек.

4. Т.Кененсариевдин эмгектерин тактап айтканда “Кыргызстан оторчунун доорунда” (1855-1917-ж.) китеибн колдонуу керек.

5. А.Жусубалиедин монографиялык диссертациясына конул буруп кой.

6. III-IV бапты дагы кенейтуу керек көлөмү аз.

**С. К. Осмонова:** К.Б. Пасанованын диссертациялык изилдөөнүн темасы чындыгында актуалдуу жана диссертабелдү. Диссертант көздөгөн максатына жетүү үчүн көп аракет жасаганы эмгектен көрүнүп турат. Диссертацияны жазууда баптардын жана бөлүмдөрүнүн пропорционалдык түзүлүшү сакталган. Түзүлгөн иш планы диссертациянын мазмунуна туура келет. К. Пасанова тарабынан алынган жыйынтыктар жана корутундулар бири-бири менен логикалык байланышта жана койгон милдеттерден келип чыгат. Алардын ички биримдиги, илимий жаңылыгы бар, негиздүү жана ишенимдүү. Диссертациянын авторунун артыкчылыгы – ал салттуу кыргыз коомунун, саясий, социалдык – экономикалык турмушунун трансформацияланышын комплекстүү изилдген.

Жалпысынан, бул эмгек өз алдынча, толук изилденген, мен да К. Пасановага ийгилик каалап, ачык коргоого сунуштайм. Жалпысынан, бул эмгек өз алдынча, толук изилденген, мен да К. Пасановага ийгилик каалап, ачык коргоого сунуштайм.

**Апышова А.К.:** Диссертациялык ишинде стратификациялык методду колдондум деп жазыпсың. Ал ыкма менен сен илимий иштин эмнесин изилдедиң?Адабияттардын катар номери сакталбаган жана аз адабияттар колдонулган.

**Диссертант Пасанова К.Б.:**Старификациялык метод бул экологиялык сөз бирок бул термин социология илиминде катмалдарды изилдейт.

**Апышова А.К.:** Илимий жаңылыгында изилдөөчүнүн жеке салымы көрө албадым. Томаяк сөзү илимде колдонулбайт.Негизинен ишине ийгилик каалайм. Жалпы коллегалардын айтылган сунуш пикирлерин ондоо менен ачык коргоого сунуштайм.

**Дүйшонбаева А.:** Диссертациялык иш 1-беттен 94-бетке чейин тарыхнааме жазылган. Көбүнчө илимий иштин 80%ы Түндүк Кыргызстан боюнча мисал келтирилип, Түштүк Кыргызстандагы стратификациялык методдор боюнча изилдөө аз. Жалпысынан иш жакшы жазылган, ачык коргоого сунуштаймын.

**Алишер кызы С.:** Диссертациялык иште чыгыш изилдөөчүлөрү боюнча кошуп койсоңуз жакшы болмок. Иште К.К.Юдахин жана К.Карасаевдин сөздүктөрүн пайдаланып, таптар боюнча кеңири аныктама берсеңиз болот. Диссертациялык ишке глоссарий түзүп койсоңуз жакшы болмок. Ачык коргоого сунуштаймын.

**Арстанов С.А.:** Диссертациянын темасы боюнча талкуу кызуу болду. Жакшы сунуш пикирлер эң негизгиси айтылган сунуш пикирлерди эске алып

толуктоо киргизсен диссертациялык иштин маңызын дагы да ачылат. XIXк. экинчи жарымы - XXк. башында кыргыз коомунун трансформацияланды. Бирок иштин аягында толук жыйынтык чыгарып толук трансформация болгон жок. Салттуу коом XIXк.чейин 1000-жылга чейинки коомдук түзүлүштун өзү Кыргызстан Россия ипмериясына кошулгандан кийин колониалдык мезгилде кандайдыр бир өзгөрүүлөргө учурады. Трансформация мезгили башталды бирок аягына чыккан жок деп түшүнөм ошондой бир жыйынтык берип коюшун керек. Жалпы структуралык жак менен барыш керек. 3-4-бап боюнча 2 маселе айтып коеюн дедим. 1. Кыргыздардын салттуу коомдук тузулушундөгү өзгөрүү процестери алдын алып атат. 4-бап Кыргыздардын социалдык-экономикалык турмушун трансформацияланышы. Мааниси бир бирок саясий өнүттө карап атабыз. Ушул жерде экиге бөлүп караш керек. Коом катмарга бөлүнгөндө социалдык экономикалык жактан карасак бай, колунда бар адам, жакыр адам деп бөлүнөт.Саясий коомдук жагын алганда башкаруучу, төболдөр, болуштар, старшиндар, бийлер болуп кетет. Экинчи жагы Россияга кошулгандан кийин бизде кандайдыр бир денгээлде экономикалык өндүрүш пайда болгондун негизинде жумушчулар болду. Алар боюнча катмар болуп кетет. Шахта, завод-фабрикалар боюнча карап кетсең болот. Андан сырткары буржуазия өлкөлөрүндөгү жеке ишкерлер пайда болгон ошолорду фактыдлап мисалдар менен берсен болот эле. Баатырлар деген тап да катмар да эмес. Жон гана образдуу берилген сөз.Коомдук саясий статусу коомдогу, башкаруу статусу , башкаруучу өкүлдөр бий ж.б. карапайым калк деп карасан болот бир тараптуу.Бул иш боюнча Кененсариев Т. китебин колдонсон болот. Ишти ачык коргоого сунуштайм.

**Отурумдун төрагасы, Арстанов С.А.:** Дисертантка жыйынтыктоочу сөздү берсек.

**Диссертант** Пасанова К.Б.: Баарыныңыздар айткан сунуш пикирлерди эске алуу менен теманын үстүнөн иштеймин. Жалпыңыздарга ыраазычылык билдирем!

**Отурумдун төрагасы, Арстанов С.А.:** Бүгүн диссертациялык ишке жакшы ой-пикириңиздерди билдиргениңиздер үчүн ыраазычылдыгымды билдирем. Бүгүн айтылган сын-пикирлердин үстүнөн иштейт деген ойдомун. Илимий жетекчиси Ж.Б.Алымбаев талкууга катыша албай калган үчүн кечирим сурады жана жүйөлүү себеби бар экендигин билдирди. Жалпы коллегалар өз пикирин билдирди, баарыңыздар макул болсоңуздар жыйынтыктай берсек.

Илимий аппараты жөнүндө айтылды. Бул биринчи талкуу урматтуу кесиптештер. Буйруса дагы алдыда көп оңдолуп, толукталат. Иштин ичинде архивдик материалдардын ичин карап атып бир окуя менен экинчи бир окуя чагылдырылып берилген. Жыйынтыктоочу сөзгө келсек бүгүн жыйынга

катышып өз пикирлерин билдирген кесиптештердин баары сенин ишиңди ачык коргоого сунуштаашты. Анда сиздердин сунуш-пикириңиздерди эске алып добушка салып койсок Пасанова Клара Балтабаевна **Салттуу кыргыз коомунун трансформация-ланышы (XIXк. экинчи жарымы - XXк. башы)** деген темадагы деген темадагы 07.00.02 – Ата-Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын коргоого сунуштоону колго саламын. Добуш берүүнүн жыйынтыгы: «макул» - бир добуштан, «каршы» - жок, «калыс» - жок.

## КОРУТУНДУ

Пасанова Клара Балтабаевнанын диссертациялык иши өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп саналат.

**1. Теманын актуалдуулугу** төмөнкү эки жагдай менен түшүндүрүлөт:
1) кыргыз тарыхнаамасында аталган маселе атайын изилдөө объектисине, предметине алынбагандыгы;
2) учурда өлкөбүздө жүрүп жаткан административдик-аймактык түзүлүштү жана башкарууну реформалоодо тарыхтан сабак алуу мүмкүнчүлүгүн берет.

**Изилдөөнүн максаты.** Илимий изилдөөнүн максаты XIXк. экинчи жарымы-XXк. башындагы салттуу кыргыз коомундагы социалдык түзүлүшүндөгү трансформациялык процесстердин жүрүшүн изилдөө. Коюлган максатка жараша, төмөнкүдөй милдеттер коюлат:
- илимий маселенин изилденүү деңгээлине анализ жүргүзүү
- илимий маселенин булактык базасына, изилдөө ыкмаларына талдоо жүргүзүү;
- салтуу кыргыз коомунун социалдык түзүлүшүн аныктоо, анализдөө
- «ак сөөк» тобуна кирген бий, манап, бай, казы ж.б. катмарларына анализ берүү
- букара тобуна кирген: жарды, жалчы, чайрикер, мандикер, эгинчи, жатакчы ж.б. катмарларына талдоо жүргүзүү
- «ак сөөк» катмарларынын арасындагы трансформациялык процесстердин жүрүшүн иликтөө
- букара катмарларын арасындагы трансформациялык процесстердин жүрүшүнө анализ жасоо
- жалпы трансформациялык процесстердин жыйынтыктарына баа берүү

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** - Кыргызстандын постсоветтик доордогу тарыхнаамасында алгачкылардан болуп салтуу кыргыз коомунун трансформациялык процесстерине жаңыча илимий баа берүү аракети жасалды
- трансформациялык процесстин жүрүшү XXк. башында салтуу кыргыз коомунда катмарлашууну күчөтүп, коомдун саясий-экономикалык,

социалдык тармагында иерархиялык түзүлүштөгү катмарлашуунун жараткандыгы такталды.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациянын материалдарында камтылган илимий жоболор, көз караштар жана илимий изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жана коңшулаш элдердин тарыхын окутууда колдонулушу мүмкүн. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын тарых адистиги бөлүмдөрүндө ―Кыргызстандын тарыхы‖, ―Кыргызстандын тарыхынын тарыхнаамасы‖, предметтери боюнча лекциялык материалдарга тарыхый, тарыхнаамалык булак катары колдонууга мүмкүндүк берет.

**ТОКТОМ кабыл алат:**

1. Пасанова Клара Балтабаевна **Салттуу кыргыз коомунун трансформация-ланышы (XIXк. экинчи жарымы - XXк. башы)** деген темадагы деген темадагы 07.00.02 – Ата-Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган жазылган кандидаттык диссертациялык иши боюнча кафедранын корутундусу бекитилсин.
2. Пасанова Клара Балтабаевна **Салттуу кыргыз коомунун трансформация-ланышы (XIXк. экинчи жарымы - XXк. башы)** деген темадагы деген темадагы диссертациялык иши сунуш-пикирлерди эске алуу менен 07.00.02 – Ата-Мекен тарыхы адистиги боюнча коргоого сунуш кылынат.
3. Пасанова Клара Балтабаевна **Салттуу кыргыз коомунун трансформация-ланышы (XIXк. экинчи жарымы - XXк. башы)** деген темадагы деген темадагы кандидаттык диссертациясы боюнча 07.00.02- Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча кошумча кандидаттык минимум программасы бекитилсин.

**Жыйындын төрагасы,**
**т.и.к., доцент:** **Арстанов С.А.**

**Катчы:** **Эсенали кызы А.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
2024 ж. « 24 » 04
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.